## *МАМЛЕКЕТТИК-ПАРТИЯЛЫК ИШМЕР И.РАЗЗАКОВДУН 100 ЖЫЛДЫК МААРЕКЕСИНЕ АРНАЛГАН «ӨМҮРҮ ӨРНӨК ИНСАНДАР» АТТУУ РЕСПУБЛИКАЛЫК ИЛИМИЙ-ПРАКТИКАЛЫК КОНФЕРЕНЦИЯНЫН МАКАЛАЛАРЫ*

***Токоева Г.С.***

# Исхак Раззаковдун дүйнөтаанымына философиялык анализ

Кыргыз элинин тарыхый өнүгүү жолунда улуу инсандар турмуштук-ишмердик жолу, коомдук турмуштагы ролу аркылуу бааланып келген. Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн өнүгүшүндөгү ар тараптуу кайталангыс таланты, чыныгы мекенчил инсандык сапаты менен таанылган инсандардын бири болуп Исхак Раззаков эсептелет. Ушул чакан изилдөөдө Исхак Раззаковдун дүйнөкарашынын калыптануу маселесине анализ жасоону туура көрдүк. Анткени ар бир инсандын дүйнөтаанымынын калыптануусу өзүнчө бир мезгилди жана ар түрдүү шарттарда жүрөт. Анын дүйнөкарашынын калыптанышына коомдук өнүгүүнүн экономикалык жана социалдык шарттары чоң роль ойногон. Жаш Исхактын инсан катары калыптануусу коомдук өнүгүүнүн татаал жана оор шарттары өкүм сүргөн совет бийлигинин орношу жана калыптануу мезгилине дал келген.

Ар кандай эле дүйнөкараш калыптануу жана эволюциялык мүнөзгө ээ, ошондуктан адегенде дүйнөкараш түшүнүгүнө кайрылуу маанилүү деген ойдобуз. Дүйнөкараш маңызы боюнча өзүнчө бир феномен катары адам коомунун калыптанышы менен эле келип чыккан. Философия илиминде дүйнөкараш дүйнөгө, адамга, курчап турган реалдуулукка, адамдын өзүнө карата, көз караштардын жыйындысы жана адамдардын турмуштук позициялары, идеалдары, жашоо турмушунун принциптери катары каралат. Ошондуктан дүйнөкараштын предмети болуп адамдарды курчап турган реалдуулук, универсалдуу мыйзам ченемдүүлүктөр, адамдын аларга карата болгон мамилеси эсептелет. Ошондуктан, дүйнөкараш коомдук бытиеге негизделген татаал түзүлүштөгү кубулуш катары каралат. Исхак Раззаковдун дүйнөтаанымы катары анын социалдык-саясий көз караштары, укуктук-этикалык аң сезими, илимий-техникалык билимдердеги жетишкендиктери, философиялык ой жүгүртүүлөрү, жалпы адамзаттык баалуулуктарды аңдап билүүсү эсептелет.

Исхак Раззаковдун дүйнөкарашы идеалдардын жана ишенимдердин системасы катары жашоосунун, ишмердигинин узакка созулган мезгилин кучагына алат. Андыктан анын дүйнөкабылдоосу жана дүйнө жөнүндөгү түшүнүктөрүнүн калыптануусун анализдөөдөн баштоо ылайыктуу демекчибиз.

Исхак Раззаков 1910-жылы Лейлек районунун Коросан айылында төрөлүп ата-энесинен эрте ажыраган. Бул өз алдынча турмуштун кыйынчылыктарын жеңүүсүн эрте баштоосуна мажбур кылган. Исхак Тажикстандын Ходжент шаарында балдар үйүндө тарбияланган. Бул бир эле кыргыз балдар менен эмес, башка улуттун балдары менен карым катнашта болуп, алгачкы дүйнөтаанымына таасирин тийгизген. Ар түрдүү улуттун балдары менен чогуу жашап, алардын тили, маданияты, тарыхый мурасынан кабардар болууга шарт түзүлгөн. Бул жагдай келечектеги коомдук ишмердигин дүйнөкабылдоосунун калыптанышына өбөлгө түзөт. Бул мезгилде анын тигил же бул реалдуулукту туюп сезип, кабылдап, үйрөнүү, таанып-билүүчүлүк ишмердиги пайда болот. Исхактын дүйнөтаанымынын эмоционалдык-психологиялык жактары, турмуштук-жашоонун белгилери болгон бакытты туюп сезүү, интеллектуалдык күчтүүлүгү, жашоого болгон канааттануу, өзүнүн жасаган ийгиликтерине кубануу сыяктуу сапаттары калыптанат.

Исхак Раззаковдун инсан катары калыптануусу Ташкентттеги педагогикалык техникумдагы студент мезгили жана СССРдин пландоо институтунда окуган жылдарына

туура келет. Анын тандаган адистиги ошол кездеги турмуштук шарттарды туура андап билген, келечекке карата болгон өзүнүн жеке таанып билүүчүлүк өзгөчөлүгү, көрөгөчтүгү жагынан айырмаланган инсан экендигин билдирип турат. Бул убакта анын интеллектуалдык деңгээли, кесиптик чеберчилиги, курчап турган социалдык чындыкка карата көз караштары бекемделе берет.

1936-жылы жогорку окуу жайын аяктагандан кийин И.Раззаков көп кырдуу таланттын жана кыргызда сейрек кездешүүчү кесиптин ээси катары өзүн көрсөтө баштайт. Кыргызстанда эле эмес, Орто Азиядагы эң жаш экономист катары Фергана областык пландоо бөлүмүн жетектейт, андан кийин Өзбек ССРнин Мамлекеттик пландоо комитетинин төрагасынын орун басары, төрагасы, Өзбекистан Коммунисттер партиясынын Борбордук Комитетинин пропаганда жана агитация боюнча катчысы болуп эмгектенген.

Ушул 10 жылдык (1936-1945-жж.) И.Раззаковдун коомдук турмушка, жашоого философиялык ой жүгүрткөн ишмер катары таанылган мезгили. Бул мезгилде И.Раззаков коомдогу социалдык-экономикалык көйгөйлөрдү бир эле экономисттин көзү менен карабастан, мамлекеттин ар кайсы тармагындагы чечүүнү талап кылган маселелерди жакшы билген мамлекеттик-коомдук ишмер катары өзүн көрсөтө баштайт. Анткени ал өз билими жагынан замандаштарынан алда канча алдыга кетип, өзү эле билимдүү болбостон жаштарды да билимге үндөгөн. «Китептен үйрөн, китеп акылдуу. Акылдуу китептерди адамдар жазышат» деп терең философиялык ойду айткан. Ошондой эле билим эле албастан аны иш жүзүндө пайдаланып, ишке берилүү менен мамиле жасоого чакырат, анткени «иштен качкан адам идирексиз адам. Инабаттуу өмүр сүрөм десең – иштен тажаба. Иштей бил. Иш сенин зарылдыгың болгондо гана турмуштун өтөлүнө чыга жашайсың»[1], деп адамды эмгекке үндөйт.

И.Раззаков 35 жаш курагында-1945-жылы партиялык-мамлекеттик кызматкер катары зор тажрыйбага ээ болуп Кыргыз ССРнин Министрлер Советинин төрагасы болуп дайындалат. Көп өтпөй эле Кыргызстан коммунисттер партиясынын Борбордук Комитетинин биринчи катчысы болуп шайланат.

Инсан катары И.Раззаков өлкөнүн жана республиканын коомдук-саясий турмушун өнүктүрүүчүлөрдүн алдыңкы сабында турат. КПСС БКнын XIX, XX, XXI сьездеринин делегаты болгон. СССР Жогорку Советинин депутаты болуп бир нече жолу шайланат, Кыргыз ССРнин Жогорку Советинин Президиумунун мүчөсү болгон.

50-жылдар И.Раззаковдун дүйнөкарашынын эволюциялык мезгили деп айтууга болот, анткени ушул жылдарда И.Раззаков коомдук жана мамлекеттик ишмердигин ар тараптуу, стратегиялык ой жүгүртүүлөрдүн негизинде жүргүзгөн. И.Раззаковдун ишмердигинин ушул мезгилинде ал көрөгөч инсан катары бааланат. Экономист катары эле анын дүйнөкарашы өнүкпөстөн, саясий, социалдык, этикалык, эстетикалык көз караштары да өнүгүү жолунда болот.

Дүйнөкарашынын ар тараптуу багытта өнүккөнүн төмөнкү ишмердигинен көрөбүз: өнөр жайында, айыл чарбасында, илим жана билим берүүдө, маданиятта.

И.Раззаков Кыргыз ССРинин өнөр жайынын өнүгүшү үчүн стратегиялык маанидеги курулуштардын пайда болушуна жана алардын иштешине көрөгөчтүк менен мамиле жасаган. Бул жылдары Кызыл-Кыя, Сүлүктү шахтылары, Майлуу-Суу нефти чыгаруу скважинасы курулат. Лебединовка, Аламедин-2 ГЭСтеринин экинчи кезеги, Аламедин ГЭСинин үчүнчү, төртүнчү кезеги, Каракол, Жалал-Абад ГЭСтери курулат. Ак-Суу кант заводу, Жалал-Абад, Токмок сүт заводу, Чүйдөгү нан заводу, Балыкчы эт комбинаты ишке киришет. Жол курууда да И.Раззаков өзүн масштабдуу ой жүгүрткөн инсан катары өзүн көрсөткөн. Анын түздөн түз колдоосу менен миңдеген километр жолдор курулган. Кант-Балыкчы темир жолу курулат. Байланыш жана радио берүү жөнгө салынат. Бул жетишкендиктер өнөр жайы менен курулушта жумушчу табынын санынын өсүшү менен коштолгон. Түстүү металлургияда, машина курууда, электроэнергетикада кыргыз улутунун өкүлдөрүнүн эмгектениши жана

[1] Кыргыздар. 10 томдук жыйнак. 8 том. – Бишкек: «Учкун» ААК. 2004. – Б. 329

андагы эмгектенгендердин санынын өсүшү Исхак Раззаковдун түздөн-түз салымы менен болгонун айтып коюу ашыкча болбостур. Профессионалык кесип ээлеринин өсүшү пландуу ишке ашырылган жана өнөр жайда эмгектенгендердин татыктуу орун басарларын даярдоо боюнча да алгылыктуу иштер жүргүзүлгөн. Жаштарды жогорку билим алууга тартуу, айрыкча техникалык-профессионалдык билим берүүнү уюштуруу боюнча И.Раззаков өзүнүн өзгөчө ойчул катары сунуштарын айткан. Натыйжада жумушчу табынын жалпы, профессионалдык-квалификациялык, жогорку билим деңгээли жогорулаган. 50-жылдардын аягына карата жумушчулардын 38 пайызы орто жана жогорку билимдүүлөр болушкан. Бул Кыргызстандын социалдык-экономикалык жана саясий өнүгүүсүнө таасирин тийгизген. Бирок ошол эле учурда улуттук кадрлардын аздыгы улана берген. 1959-жылга карата өнөр жайындагы жумушчулардын ичинен титулдук улуттун өкүлдөрү 10 пайыздан бир аз гана ашкан. Кыргыз жумушчулары негизинен агрардык тармакта үстөмдүк кылган бойдон калган. Ушул маселени терең анализдеп И.Раззаков кыргыз жаштарынын техникалык жактан билим алуусуна мүмкүнчүлүктөрдү түзүүгө чоң аракет жасаган.

Жеңил өнөр жайынын өнүгүшүнө да И.Раззаков тасыккан экономист катары карап, кыргыз элинин экономикалык өнүгүүсүнүн өзгөчөлүгүн эске алып сунуштарын берген. Натыйжада жеңил өнөр жайында жибек өндүрүү, бут кийим чыгаруу жогорулайт.

50-жылдарда И.Раззаков ири өнөр жай ишканаларын курууга басым жасаган. Жеңил өнөр жайында бир топ ийгиликтер жаралат. «Физприбор» заводу, Орто-Токой, Наманган, Базар-Коргон, Төмөнкү Ала-Арча суу сактагычтары курулат, Көк-Жаңгак шахтасы иштей баштайт.

Айыл чарбасында кызылча өстүрүү боюнча ийгиликтер жаралат. Дан эгиндерин өндүрүү жолго коюла баштайт. Эт-сүт өндүрүүдө, пахта өстүрүүдө ийгиликтер жаралат. Бул тармакта да жогорку билимдүү кыргыз жаштарын тарбиялоо маселеси турган. Аны жолго салууда И.Раззаков көрөгөч жетекчи катары мамиле жасаган. Агрардык сектордун материалдык техникалык базасын чыңдоо, айыл чарбасын механизациялаштыруу-кадрлардын өсүп чыгышына шарт түзгөн. Натыйжада тракторист, комбайнер, айдоочу кесиптерине ээ болгон кыргыз жаштары көбөйгөн. 50-жылдардын аягында айыл чарбасында эмгектенген ар бир миң кишиге 266 жогорку жана орто билимдүүлөр туура келген. Бул кыргыз элинин профессионалдык билиминин өскөндүгүнөн кабар берет.

И.Раззаковдун бийликте турган жылдарында интеллигенциянын да өскөндүгүн айтууга болот. Айрыкча инженердик-техникалык, илимий интеллигенция катмары өнүгө баштайт. 50-жылдардын орто ченине карата алганда жогорку окуу жайларын бүтүрүүчүлөрдөн 9240, техникум жана орто кесиптик окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрүнөн 12 миңге жакын кесип ээлери республиканын айыл чарбасынын ар кайсы тармагына жиберилет.

Илимдин тармактары боюнча ийгиликтер жарала баштайт. Мында да И.Раззаковдун эмгегине чоң көңүл буруп аңдоону талап кылат. Анын ишмердигинин ар тараптуу экендигин илимдин өнүгүшүнө кошкон салымынан көрүүгө болот. Анткени ал Кыргыз ССРнин Илимдер Академиясын түзүүнүн демилгечиси. Бул демилге 1954-жылы Кыргыз жергесинде Илимдер академиясынын ачылышы менен аяктаган. Жогорку окуу жайларынын ачылышын, негизделишин И.Раззаковдун демилгеси деп баалоого болот. Ушул жылдары Кыргыз мамлекеттик университетинин негизделиши, Политехникалык институттун ачылышы, Кыргыз кыз-келиндер институтунун, Ош педагогикалык институтунун, Каракол педагогикалык инситутунун, Дене тарбия институтунун негизделиши чоң жетишкендик болуп саналат. Мындан сырткары көптөгөн орто кесиптик атайын окуу жайларынын ачылышына салымын кошкон. И.Раззаков адамдагы эң бир баалуу байлык болуп окуу, билимдерге, тажрыйбага ээ болуу эсептелерин, ал адамды турмушка карата ишенимдүү кароого үйрөтөөрүн белгилеп көрсөткөн. Мында айта турган негизги маселе И.Раззаковдун элге билим берүү тармагына кошкон салымы. Ошол учурдагы актуалдуу маселе катары орто мектептерди квалификациялуу педагогикалык кадрлар менен камсыздоо эле. Ошондой эле окуу-

методикалык жактан жардам берүү кесибин жогорулатуу максатында республикалык мугалимдердин билимин жогорулатуучу институт негизделет, андан кийин методикалык кабинеттер уюшула баштайт. Ал эми балдарды окутуу жана тарбиялоодогу алдыңкы тажрыйбаны жайылтуу, методикалык жактан жардам берүү максатында кыргыз илим-изилдөө институту 1950-жылы ишке киришет. Кыргыз мамлекеттик медицина институту дарыгерлерди даярдоочу негизги базалык окуу жай болуп калган. Кыргыз жаштарынан окуу жайга тартуу жана кесипке ээ кылуу үчүн И.Раззаков оригиналдуу ойлорун айткан. Анын натыйжасында белгилүү окумуштуулардын ушул окуу жайда билим берүүсүнө, жаштарды тарбиялоого салымын кошуусуна түрткү берген.

Маданий турмушта да И.Раззаков чоң кеңешчи, демилгечи катары таанылат. Кыргыз ССРинде чоң-чоң театралдык коллективдер ишмердүүлүгүн башташат. Кыргыз опера жана балет театры, бир нече кинотеатрлар, маданий үйлөр, китепканалар курулат. Республикалык газет жана журналдар негизделет. Ушул жылдары кыргыз маданиятынын өнүккөндүгүнүн күбөсү болуп 1958-жылы Москвада өткөн кыргыз искусствосунун II декадасы эсептелет. Театралдык-көркөм интеллигенциянын өсүшүнө республикадагы музыкалык-хореографиялык жана көркөм окуу жайлары чоң салымын кошкон. Алардын бүтүрүүчүлөрү Москва, Ленинград, Ташкент шаарларынан жогорку билимдерге ээ болушкан.

И.Раззаковдун коомдук мамлекеттик ишмер катары дүйнөтаанымынын өнүккөн учурун опера искусствосунун өнүгүшү менен тыгыз кароого болот. Анткени ал акылман көрөгөч инсан катары опера искусствосунун өнүгүшү үчүн күйүп жанган жетекчи болгон. Анын колдоосу менен элге кеңири болуп калган «Ак шумкар», «Токтогул» опералары коюлат.

Ушул мезгилде республикада басма жана басма иштери жөнгө салынат. Мында да биз айтып жаткан инсандын ролу чоң болгон. 50-жылдары республикалык маанидеги «Мугалимдер газетасы» орус-кыргыз тилдеринде, бир нече журналдар жарыкка чыгат. Ушул мезгилде өнөр жай ишканаларында, колхоз-совхоздордо бир нече ондогон корреспонденттик пункттар иштеген. Басма ишинде «Кыргызстан» басмасы, «Мектеп» жана «Илим» басмалары өз ишмердүүлүгүн элге тартуулап баштаган.

И.Раззаков жогорудагы жетишкендиктердин күбөсү болуу менен бирге негизги проблема болуп-калктын негизги катмары айыл жеринде жашап, өнөр жайында эмгектенген жергиликтүү калктын жогорку билимдүүлөрү абдан аз болуп жаткандыгын аң сезимдүү түрдө аңдап билип ага күйүп жанган жана коомдогу болуп жаткан ачуу чындыкка карата «Мен ак болсом, сен ак болсоң коом да таза болот» деп чыныгы адамдык таза оюн билдирген. И.Раззаков өнөр жайында кыргыз профессионал кесипкөйлөрдүн иштөөсүнө жана жогорку билим алуусу үчүн зор иш аракеттерди жасаган.

50-жылдардагы коомдук турмуштагы жүргүзүлгөн реформалар борбордук бийликтеги жана башкаруудагы демократиялык принциптердин координацияланышына мүмкүндүк түзгөн. Ал өзүнүн күндөлүгүндө мындай деп жазат: «Республикада иштеген мезгилимде эмне кылдым, эмне жасадым, ким үчүн аракет жасадым, - эл адилеттүү, эл баалайт»[1]. Ооба айтканындай эле эл билди, эл баалады, бирок өз убагында эмес, мезгил өткөндөн кийин. Антсе да бул чоң жетишкендик, кеч болсо да анын ким экендигин аңдап билип отурабыз жана да аны таанып билүү дагы алдыда деп ойлойм.

Ошентип, Исхак Раззаковдун дүйнөкарашы ар тараптуу өнүккөн, социалдык-экономикалык маселелердин чечилиш жолдорун, өнүктүрүүнүн багыттарын аныктап биле алган көрөгөч инсан жана XX-кылымдагы прогрессивдүү ой жүгүрткөн ойчул деп баалоого болот.

***Адабияттар***

[1] Исхак Раззаков: жизнь, отданная народу. / Сборник документов и материалов. – Бишкек: «Шам», 2000. – С. 278

1. *Буянов В.С.* Научное мировоззрение: Социально-философский аспект. –М.: Политиздат, 1987. 208 с.
2. *Исхак Раззаков:* жизнь, отданная народу. / Сборник документов и материалов. – Бишкек: «Шам», 2000. 300 с.
3. История Киргизской ССР с древнейших времен до наших дней. В пяти томах. Т.4. – Фрунзе: «Кыргызстан», 1990. 480 с.
4. Кыргыздар. 10 томдук жыйнак. 8-том. – Бишкек: «Учкун» ААК. 2004. 526 б.
5. Кыргызстан 2000. Күндөр. Адамдар. Окуялар. Окуялардын жылнаамасы. – Бишкек, 2000. 227 б.
6. У истоков кыргызской национальной государственности. – Бишкек: «Илим», 1996.

*** * ***